# Токтом № 1

Шабдан Ата ат.
орто мектеби 26.01.2017-ж.

Чогулушка катышкандар:

1. Соц.педагог: А.А.Кармышева
2. Тарбия завуч: М.Ч.Абышева
3. Укук бузуу жана алдын алуу кеңешинин мүчөлөрү

Күн тартибинде каралууучу маселелер:

1. Кылмыштуулукту алдын алуу кеңешинин ишин жандандыруу («Тобокел тобундагы» окуучуларды тактоо)

Жүрүшү: Тарбия иштери боюнча директордун орун басары – М.Ч. Абышева
Урматтуу укук бузуу жана алдын алуу кеңешинин мүчөлөрү жана класс жетекчилер азыркы учурда жаш өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун жылдан –жылга өсүп бараткaны бул орчундуу ,өзгөчө көңүл бөлө турган , жалпы коомчулукту тартуу менен кечиктирүүсүз чара көрүлө турган маселе.

Азыркы кезде жаш балдардын кылмышка катышып жатканы абдан өкүнүчтүү. Кээ бир балдар кароонун,көзөмөлдүн жоктугунан бирөөлөргө кошулуп,өздөрү кылмыш жасап жатканын да билбей кылмыш ишине барышууда. Айрым балдарды ушул муундагы адамдар кылмышка түрткөн учурлар болууда. Мына ушундай иштерди болтурбоо максатында алсак, «Суицид», «Зордук-зомбулук», «Диний экстремизм», «Антитерроризмге каршы» темаларына мектеп ичинде тегерек стол,семинарлар өтүлүп турат.

Ал эми мектеп ичинде одоно тартип бузган окуучулар жок. Мындайча айтканда «Тобокел тобундагы» окуучулар жок.

Класс жетекчилер кылмыштуулукту алдын алуу максатында жалпы ата-энелер жыйналышында аңгемелешүү өткөрүштү.

Жарыш сөз : Укук бузуу боюнча алдын алуу кеңешинин мүчөсү: Н.К.Айдралиева – Жашы жете элек балдар арасында кылмыштуулукту алдын алуу,болтурбоо,ага каршы күрөшүү-бул бир гана мектеп,билим берүү бөлүмүнүн же укук коргоо органдарынын гана милдети эмес. Жаш өспүрүмдөрдүн тарбиясына өзгөчө маани берип,анын келечекте кылмыш жолуна түшпөй ,бекем ден-соолукта өсүп,сапаттуу билим алуусуна ата-энелер да милдеттүү. Баарыбыз биримдикте иштесек жаш өспүрүм мындай жолго барбайт деп ойлойм.

Чечим: Укук бузуу жана алдын алуу кеңеши сабактан көп калган,начар үй-бүлөлөр жана тартиби начар окуучулардын үйлөрүнө рейд жүргүзүп туруу.

Мектеп директору Г.М.Оторбаева
Соц.педагог А.А.Кармышева

Токтом № 2

Шабдан Ата ат.
орто мектеби 26.01.2017-ж.

Чогулушка катышкандар:

1. Соц.педагог: А.А.Кармышева
2. Тарбия завуч: М.Ч.Абышева
3. Балдар кеңешинин жетекчиси- Т.М.Айдралиев
4. Кыздар кеңешинин жетекчиси-Сулайманова Г.Б.
5. «Манас жаштар» уюмунун мүчөлөрү

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. «Зордук-зомбулук жана анын түрлөрү» боюнча маалымат (Орг.: М.Ч.Абышева)
2. «Үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктун алдын алуу» боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу.

Жүрүшү: Биринчи маселе боюнча тарбия иштери боюнча директордун орун басары М.Ч.Абышева чогулуштун катышуучуларына «Зордук-зомбулук жана анын түрлөрү» боюнча видеослайд аркылуу кенен маалымат берип өттү.

Жарыш сөз: 11-а классынын окуучусу «Кыздар кеңешинин жетекчиси) Майданова К.- Биз «Балдар кеңешинин» жетечиси Абдымусатов Назарбек экөөбүз кыздар-балдарга чогулуш өткөрүп, «Зордук-зомбулуктун түрлөрү» боюнча тааныштырып, түшүнүк бердик.

Угулду: Соц.педагог: А.А.Кармышева – Мен соц.педагог катары айта кетсем, «Зордук-зомбулук» боюнча мындан ары да класстык сааттар ,тегерек стол, семинарлар жана ар бир класста дубал газеталар уюштурулуп алдын алуу иштерин жүргүзүүнү сунуштаар элем. Ушул тууралуу чечим кабыл алсак:

Чечим: «Зордук-зомбулук» боюнча терс көрүнүштөрдү алдын алуу үчүн жогорку иш-чаралар өтүлсүн.

Экинчи суроо боюнча организатор М.Ч.Абышева «Үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктун алдын алуу» боюнча иш-чараларды иштеп чыгууну сунуштады. Себеби,бул маселе коомчулуктун эң негизгилеринен болуп жатат.

Чечим: «Үй-бүлөлүк жана гендердик зордук-зомбулукту алдын алуу боюнча» «Балдар жана кыздар» кеңешинин жетекчилери жана «Манас жаштары» уюмунун мүчөлөрү кенен маалымат беришип,ишке ашырышсын.

Мектеп директору Г.М.Оторбаева
Организатор М.Ч.Абышева
Соц.педагог А.А.Кармышева

**Протокол №1.**

**Шабдан Ата атындагы орто мектеби. 11-сентябрь**

**2017-2018-окуу жылы**

**Катышкандар-13**

**Себепсиз-жок.**

**Күн тартиби:**

1.Укук бузуу боюнча алдын-алуу кеңешинин жаңы курамын шайлоо.

2.2017-2018-окуу жылына план түзүү,тактоо.

3.Ар кандай маселелер.

Биринчи маселе боюнча укук бузуу боюнча алдын алуу кеңешинин 2017-2018-окуу жылына жаңы курамын шайлоо жүрдү.Укук бузуу боюнча алдын алуу кеңешинин курамы 13 адамдан турат.Үч комиссия түзүлдү.

Ар бир комиссиянын аткаруу иштери бар.

**Укук бузуу боюнча алдын алуу кеңешинин жаңы курамы:**

**Шабдан Ата атындагы орто мектебинин 2017-2018 окуу жылындагы укук бузуу боюнча алдын-алуу кеңешинин курамы.**

| № п/п | Ф.И.О. | Иштеген жери,кызматы | Дареги |
|---|---|---|---|
| 1. | Оторбаева Г.М. | Шабдан Ата орто мектеби, директор | Даниярова 61, тел. 58-2-24 |
| 2. | Абышова М.Ч. | Шабдан Ата орто мектеби,тарбия завуч | Данияров 58 тел. 0-702-068-877 |
| 3. | Кармышева А.А | Соц.педагог | Токтогул №8 0-700-269-411 |
| 3. | Сулайманов Нурбек | Айыл өкмөтүнүн башчысы | Данияров №55 0-705-45-17-51 |
| 4. | Эсеналиев Айтбек | Аксакалдар сотунун төрагасы | С.Шабдан ул.К.Бакиров №11 тел:03135-58-2-14 0-709-00-49-49 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 5. | Жунушалиев Эрнст | Камкорчулар кеңешинин төрагасы | Балык-Сай 0-709-169-312 |
| 6. | Досова Жанат | Ата-энелер комитетинин мүчөсү | Данияров к.0-709-85-13-43 |
| 7. | Касымова Гульнур | Ата-энелер комитетинин мүчөсү | Данияров№3 0-702-88-01-64. |
| 8. | Кадыралиева Фатиза | Шабдан айылдык ооруканасынын кызм. | Бакиров№13 0-700-79-74-01 |
| 9. | Данияров Майраш | Айыл өкмөтүнүн депутаты | Токтоназар к.№4 58-2-73 |
| 10. | Тойболотов Бакын | Ата-энелер комитетинин мүчөсү | Бакиров 15 0-707-53-23-20 |
| 12. | Сабырова Айпери | Шабдан ата орто мект. Парлам. Президенти | Данияров №61 58-2-24 |
| 13 | Мамбеталиев Адилет | ИДН | 0709-38-98-55 |

**Укук бузуу боюнча алдын-алуу кеңешинин комитеттери:**

**Начар үй-бүлөлөр менен иштөөнүн комиссиялары**:

Предс. Эсеналиев.А
Сулайманов.Н
Жунушалиев.Э
Кадыралиева Ф.

**Тартиби начар балдар менен иштөөнүн комиссиялары:**

Предс. Мамбеталиев.А
Кармышева А.
Абышова М.
Тойболотов Б

**Укук боюнча комиссия:**

Предс. Оторбаева Г.
Данияров М.
Досова Ж.

**Токтом:**

**1.Укук бузуу боюнча алдын алуу кеңешмесинин жаңы курамы бекитилсин.**

**2.Комиссиялар берилген тапшырмалар боюнча иш алып барышсын.**

**Тарбия иштери боюнча директордун орун басары: _______ М.Ч.Абышова**

# Протокол №2

**05.10.17-ж**

## Чогулушка катышуучулар:

1.Тарбия иштери боюнча директордун орун басары:М.Ч.Абышова жана соц.педагог-А.А.Кармыщева

2.Ата-энелер комитетинин мүчөлөрү.

3. 5-11-класстын кл.жетекчилери.

## Күн тартиби:

**1.Тарбияга кыйындык менен келген окуучуларды кружок,секцияларга тартуу.**

**2.Окуучулардын ата-энелери менен каникул учурунда кыздардын,балдардын бош убактыларында көз салуусу жөнүндө аңгемелешүү.**

**Угулду: Тарбия иштери боюнча директордун орун басары-М.Ч.Абышова.**Урматтуу ата-энелер комитетинин мүчөлөрү жана кл.жетекчилер өзүңүздөр билгендей азыркы учурда балдар арасында кылмыштуулук,тамеки,насвай,рэкеттик боюнча эң көп окуялар болуп жатат.

Рэкеттик боюнча талап тоноочулук жана уурулук боюнча тарбия сааттар өтүлүп жатат,ага болбой эле кээ бир окуучулар ушундай иштерге кабылат.Эмне үчүн?

Ата-энелер тарабынан контроль аздыктанбы же окуучу өзүнүн жоопкерчилигин билбейби?Албетте,мындай жолго барбоо үчүн окуучулар ата-энелер тарабынан көзөмөлгө алынышы керек.

Сиздерди бүгүнкү талкууга чакырганыбыздын **1-максаты** -тарбияга кыйындык менен келген окуучуларды кружок,секцияларга тартуу.

Биздин мектепте тарбияга кыйындык менен келген окуучу азырынча жок. Окуучуларды жаман адаттардан арылтуу максатында б.а.тамеки чегүү,насвай атуу жана мектеп ичинде рэкетчиликти болтурбоо үчүн мектепте атайын сабактан тышкары кружок,секциялар ачылган.Окуучулар сабактан кийин келип катышып жатышат.

Ал эми **2-максаты** 01.11-08.11.2017-ж чейин окуучулар каникулга тараганы жатышат.Каникулда окуучулар үйдө болушат.Мына ушул учурда ата-энелер катуу көзөмөлгө алса,мындай иштер көп болбойт деп ойлойм.

**Жарыш сөз:**Ата-энелер комитетинин мүчөсү:Тойболотов Бакын

Окуучулардын тартибин мугалимдер эле түзөй алабы?Ата-энелер да биримдикте жардам берүүсү зарыл.Албетте,каникул учурунда окуучулар үйдө болушат.Ошон үчүн ар бир ата-эне өз баласына катуу көзөмөл кылуусу керек.

**Чечим:**

**1.Каникул учурунда балдарды катуу көзөмөлгө алуу жагы ата-энелерге милдеттендирилсин.**

**2.Каникул учурунда катуу көзөмөлгө алуу жагы ата-энелерге милдеттендирилсин.**

**Тарбия иштери боюнча директордун орун басары: ______М.Ч.Абышова**

Соц.-педагог: Я.Я. Карипшева.

**Шабдан Ата атындагы орто мектебинде укук бузуу боюнча алдын-алуу кенешмесинин кезектеги токтому.**

**Протокол №6** **24.11.17-ж**

**Катышуучулар;1.Организатор:М.Ч.Абышова**

**2. Соц.педагог-А.А.Кармышева**

**3.Кл.жетекчилер-14**

**4.Ата-энелер комитетинин төрагасы-Жунушалиев.Э**

**Каралуучу маселе;**1. “СПИД”жана ЮДМ боюнча иш-чара өткөрүү.

2. “Наркоманияга- каршы күрөш!”-диспут өткөрүү.

Биринчи маселе боюнча мектептин тарбия иштери боюнча директордун орун басары М.Ч.Абышова сөз сүйлөдү.

Өзүңүздөр билгендей 1-декабрь “СПИД кылым чумасы”күнүнө карата жыл сайын бир айлык өткөрүлөт.Жана ушул теманын негизинде тарбия саатттар откөрүлүп жатат.5-11-кл.арасында СПИД боюнча жат жазуу жазышат. Жана КВН өткөрүлөт.Ошондой эле СПИД күнүнө карата дубал газеталар чыгарылат.5-11-класстар арасында медицина кызматкерлери менен жолугушуп,талкуулашат.Мектеп ичинде конкурс өткөрүлүп,ал жерден эң мыкты аткарган класстар зоналык мелдештерге катышып келишет.Андан кийин Кемин районунда боло турган конкурска катышууга мүмкунчүлүк алышат. “1-декабрь-Бүткүл дүйнөлүк СПИДке каршы күрөшүү күнүнө”карата пландар түзүлгөн.Мына ушул пландын негизинде иш алып баруубуз зарыл.

**Жарыш сөз;Ата-энелер комитетинин төрагасы-Жунушалиев.Э**-Албетте, алып баруубуз керек.Декабрь айында гана эмес башка айларда да ар кандай конкурстарды өткөрүү зарыл деп ойлойм..Анткени окуучулар “допинг” мындайча айтканда(насвай,алкоголизм,тамеки жана спайстар)кол-донууну алдын-алуу негизинде дубал газета,викторина,буклеттер жана конкурстарды өткөрүү балдарды укук бузуудан сактайт.

Ал эми экинчиси “Милициянын жаш достору” (ЮДМ) боюнча да иш-чара өткөрүүбүз зарыл.

ЮДМ боюнча мектеп ичинде өтүлө турган конкурсубуздун программасы;

1.Саламдашуу-5-мин.

2.Рольдук оюн-10-мин.

3.Дубал газета жактоо-5-мин.

4.Викторина- “Сен законду билесинби?”-5-мин.

5.Спорттук мелдеш-5-мин.

Экинчи маселе “Наркоманияга каршы күрөш”-диспут өткөрүү.(8-11-кл).

Бул диспутту өткөрүү жагы биология мугалими К.С.Айткулиевага милдеттендирилди.

**Чечим:**

**1.Ар бир кл.жетекчи тарбия журналдарга СПИД боюнча жана ЮДМ боюнча киргизүү милдеттендирилсин.**

**2. “Наркоманияга каршы күрөш!”-диспут өткөрүү К.С.Айткулиевага милдеттендирилсин.**

**Тарбия иштери боюнча директордун орун басары: М.Ч.Абышова**

Соц. педагог: А.А. Карымшева

# Протокол №1

**Шабдан Ата атындагы орто мектеби.  11-сентябрь**

**2017-2018-окуу жылы**

**Катышкандар-13**

**Себепсиз-жок.**

**Күн тартиби:**

1.Укук бузуу боюнча алдын-алуу кеңешинин жаңы курамын шайлоо.

2.2017-2018-окуу жылына план түзүү,тактоо.

3.Ар кандай маселелер.

Биринчи маселе боюнча укук бузуу боюнча алдын алуу кеңешинин 2017-2018-окуу жылына жаңы курамын шайлоо жүрдү.Укук бузуу боюнча алдын алуу кеңешинин курамы 13 адамдан турат.Үч комиссия түзүлдү.

Ар бир комиссиянын аткаруу иштери бар.

**Укук бузуу боюнча алдын алуу кеңешинин жаңы курамы:**

## Шабдан Ата атындагы орто мектебинин 2017-2018 окуу жылындагы укук бузуу боюнча алдын-алуу кеңешинин курамы.

| № п/п | Ф.И.О. | Иштеген жери,кызматы | Дареги |
|---|---|---|---|
| 1. | Оторбаева Г.М. | Шабдан Ата орто мектеби, директор | Даниярова 61, тел. 58-2-24 |
| 2. | Абышова М.Ч. | Шабдан Ата орто мектеби,тарбия завуч | Данияров 58 тел. 0-702-068-877 |
| 3. | Кармышева А.А | Соц.педагог | Токтогул №8 0-700-269-411 |
| 3. | Сулайманов Нурбек | Айыл өкмөтүнүн башчысы | Данияров №55 0-705-45-17-51 |
| 4. | Эсеналиев Айтбек | Аксакалдар сотунун төрагасы | С.Шабдан ул.К.Бакиров №11 тел:03135-58-2-14 0-709-00-49-49 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 5. | Жунушалиев Эрнст | Камкорчулар кеңешинин төрагасы | Балык-Сай 0-709-169-312 |
| 6. | Досова Жанат | Ата-энелер комитетинин мүчөсү | Данияров к.0-709-85-13-43 |
| 7. | Касымова Гульнур | Ата-энелер комитетинин мүчөсү | Данияров№3 0-702-88-01-64. |
| 8. | Кадыралиева Фатиза | Шабдан айылдык ооруканасынын кызм. | Бакиров№13 0-700-79-74-01 |
| 9. | Данияров Майраш | Айыл өкмөтүнүн депутаты | Токтоназар к.№4 58-2-73 |
| 10. | Тойболотов Бакын | Ата-энелер комитетинин мүчөсү | Бакиров 15 0-707-53-23-20 |
| 12. | Сабырова Айпери | Шабдан ата орто мект. Парлам. Президенти | Данияров №61 58-2-24 |
| 13 | Мамбеталиев Адилет | ИДН | 0709-38-98-55 |

**Укук бузуу боюнча алдын-алуу кеңешинин комитеттери:**

**Начар үй-бүлөлөр менен иштөөнүн комиссиялары:**

Предс. Эсеналиев.А
Сулайманов.Н
Жунушалиев.Э
Кадыралиева Ф.

**Тартиби начар балдар менен иштөөнүн комиссиялары:**

Предс. Мамбеталиев.А
Кармышева А.
Абышова М.
Тойболотов Б

**Укук боюнча комиссия:**

Предс. Оторбаева Г.
Данияров М.
Досова Ж.

**Токтом:**

**1.Укук бузуу боюнча алдын алуу кеңешмесинин жаңы курамы бекитилсин.**

**2.Комиссиялар берилген тапшырмалар боюнча иш алып барышсын.**

**Тарбия иштери боюнча директордун орун басары:** ______ **М.Ч.Абышова**

25.09.19 ж.

# Класс жетекчилер семинары:

## Чогулушка катышуучулар:

1.Тарбия иштери боюнча директордун орун басары: Карагулова А.А.
2. Соц.педагог: А.А.Кармышева
3. 5-8-кл. секциясынын жетекчиси : Абдраимова Т.Т.
4.9-11 кл.секц.. жет.: КенжегуловаГ.А.
5.ИДН- Мамбеталиева Жылдыз
6.Кыздар кеңшинин жетекчиси: Абдраимова Т.Т.
7.Ата-энелер ком.төрайымы-Досова Ж.

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1.Үй-бүлөдөгү зомбулуктан балдарды социалдык-укуктук жактан коргоо боюнча.

Угулду: Тарбия иштери боюнча директордун орун басары А.А Карагулова- Урматтуу чогулуштун катышуучулары,талкууга бир эле маселе бар. Үй-бүлөдөгү зомбулуктан балдарды социалдык-укуктук жактан коргоо максатында ата-энелер менен дайыма иш алып барышыбыз керек. Балдардын коопсуздугун, укугун коргоо биздин ар бирибиздин милдетибиз. Балдар кеңешинин жетекчиси Ырысбек уулу Азим менен бирге балдар арасында чогулуш өткөрдүк.Балдар менен ушул темада да сүйлөштүк.

Досова Жанат: Туура ата-энелер дагы көмөк көрсөтсөк болот. Биз азыркы жаштарды ар тараптан тарбиялашыбыз керек.Кээде ойлобогон жерден балдар жонсуз жоруктарга туш болот. Ата-энелер да балдарга аяр мамиле кылалы.

Соц.педагог: А.А.Кармышева – мен дагы бул боюнча ар бир класс жетекчилерге да так маалымат жеткирип, тартип бузбоо боюнча окуучулар арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзөбүз. Ата-энелерге кайрылаар элем.Көпчүлүк учурда балдардын тартиби сиздердин түшүнбөстүгүңүздөрдөн келип чыгат.

А.А.Карагулова : Тарбия иштери боюнча секциянын жетекчилери бардык класс жетекчилерге ар бир чейректен кийин каникул астында сөзсүз чогулуш өткөрүп, балдарына каникул учурунда катуу көзөмөл жүргүзүү жагын ата-энелерине милдеттендирүү максатында түшүнүк каттарды жаздырып алгыла. Түшүндүрүү иштерин жүргүзгүлө.

Жогоруда айтылгандардын негизинде, чечим кабыл алынды.

Чечим кылынды:

1.Жаш коомдук жайларда тартип сактоосу, каникул мезгилинде өзүн-өзүн алып жүрүүсүн жана жонсуз жоруктардын алдын –алуу максатында,үй-бүлөлөрдө зомбулуктун алдын алуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүү тарбия иштери боюнча секциянын жетекчилерине жүктөлсүн.

2.Аткаруу, график боюнча күзөттөө А.А.Карагуловага, Ж.Досовага, А.А.Кармышевага жана ИДН-Мамбеталиева Ж. милдеттендирилсин.

Соц.педагог: А.А.Кармышева

# Протокол №4

14.12.18.

## Чогулушка катышуучулар:

1.Тарбия иштери боюнча директордун орун басары: Карагулова А.А.
2. Соц.педагог: А.А.Кармышева
3. 5-8-кл. секциясынын жетекчиси : Тилепбергенова К.
4.9-11-кл.жет: Кенжегулова Г.А.
5.ИДН Казаков Т.
6.Кыздар кеңшинин жетекчиси: Абдраимова Т.Т.

## Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1.Окуучулук кодекс боюнча жана балдар,кыздар кеңешинин аткарган иштери тууралуу
2. Зордук-зомбулук, суицид, коррупция тууралуу аткарылган иш-чаралардын жыйынтыгы
2. "Милициянын жаш достору"сынагынын жыйынтыгы

1. Угулду:

Биринчи маселе боюнча директордун тарбия иштери боюнча орун басары А.А.Карагулова: Саламатсыздбы! Бүгүнкү отурумдун катышуучулары. Укук бузуучулук боюнча алдын-алуу иштеринин октябрь,ноябрь айларында аткарылган иштери менен тааныштыра кетсем. Окуучулук кодекс менен класс жетекчилерге, мектеп парламентине жана" милициянын жаш достору" тобуна семинар өтүлүп, кеңири маалымат алышты. Андан тышкары балдар жана кыздар кеңешнинин жетекчилери да түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү.Төлөгөн Казаков да окуучулар менен бир катар жолугуушуларды өткөрүп, маектешти.

2. Экинчи маселе боюнча Карагулова А.А: Соц.педагог Кармышева А.А. менен бирдикте зордук-зомбулукка карата иш планы түзүлүп, иш-чаралар аткарылып жатат.Кемин райондук билим берүү бөлүмүнөн келген буйруктун негизинде, " Жашоонун сергек мүнөзү" боюнча иш план түзүлүп, суицидге, насвайга ,тамеки чегүүгө жана норкаманияга каршы күрөшүү тууралуу класстык саатар тарбия планга киргизилди.
9-декабрь коррупцияга каршы күрөшүү күнүнө карата 3-8-декабрга чейин мектепте викторина, тегерек стол уюштурулду жана дубал газеталар чыгарылды.Видео роликтер көрсөтүлдү.

3. Карагулова А.А.: Мектеп окуучулары " Милициянын жаш достору" сынагын барып катышып келишти. Сынакка он окуучу катышты.Атайын берилген программа менен даярданышып, биздин окуучулар натыйжада экинчи орунга татыктуу болушту. Инспетор Т.Казаков дагы жакшы көмөк көрсөттү. "Милициянын жаш достору" тобу жана даярдаган мугалими УВДнын начальниги тарабынан ардак грамота менен сыйланышты.

Жогорудагы айтылгандардын негизинде, төмөнкүдөй чечим кылынды.

Чечим кылынды:

1.Окуучулук кодекс боюнча түшүндүрүү иштеринин аткарылышы , суицидге,рекетчиликке, коррупцияга каршы жүргүзүлгөн иш-чаралар канааттандырарлык деп табылсын.
2. Тарбия иштери боюнча секциясынын , кыздар жана балдар кеңешинин жетекчилерине окуучулар менен тыгыз байланышта болуп иш алып баруусу жүктөлсүн.

Тарбия иштери боюнча директордун орун басары: ________ А.А.Карагулова.

# Токтом №

Шабдан Ата ат.
орто мектеби 25.09.2019-ж.

Чогулушка катышкандар:

1. Соц.педагог: А.А.Кармышева
2. Тарбия завуч: А.А.Карагулова
3. Ата-энелер комитетинин жетекчилери-17

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. Ата-энелер комитетинин жетекчилерин жаңы окуу жылына бекитүү
2. Ата-энелер комитетинин жетекчилеринин укуктары жана милдеттери жөнүндө мыйзам менен тааныштыруу.

Жүрүшү: Биринчи суроо боюнча тарбия иштери боюнча директордун орун басары А.А.Карагулова сөз сүйлөдү.- Быйыл 20-класс комплект болду. Ар бир класстын ата-энелер комитетинин жетекчилери төмөнкүдөй курамда шайланды:

1. Касымбаева Чолпон-1-а
2. Мамбеталиева Асель-1-б
3. Жунушова Мээрим-2-а
4. Токтоналиева Айзат-2-б
5. Мамбеталиева М-3-а
6. Молдалиева Н.-3-б
7. Ниязова Н-4-а
8. Аманова Г .-4-б
9. Жунушева Н.-5-а
10. Макешова Ж.-5-б
11. Мустапаева Ж.-6-а
12. Дүйшеева К.-6-б
13. Жунушева Н.-7-а
14. Карымшакова Б. -8-а
15. Тезекова А.- 8-б
16. Өмүралиева А.- 9-а
17. Бакиров Э. -9-б
18. Эстебесова Г. -10-а
19. Сарымсакова А.- 10-б
20. Досова Ж - 11

Жарыш сөз: 4-б классынын ата-энелер комитетинин жетекчиси Аманова Г. Сөз сүйлөдү- Ата-энелер комитети болуп, бардыгыбыз чогуу –чара мектепке жардам бергенге аракет кылалы. Ар бир класста эле көйгөйлүү маселелер бар да. Сабактарына катышып, балдарды сабактан калтырбай, үйдөн жардам берели.

Чечим: Ата-энелер комитетинин жетекчилери ушул курамда бекитилсин.

Экинчи суроо боюнча соц.педагог Кармышева А.- ата-энелер комитетинин жетекчилеринин укуктары жана милдеттери жөнүндө мыйзам менен тааныштыра кетсем:

1. Ар бир ата-эне баласын окутууга милдеттүү.
2. Мектептин уставына баш ийип, аны аткарууга тийиш ж.б.

Жарыш сөз: Мустапаева Ж- Ооба,сөзсүз түрдө ар бир ата-эне баласын билим

келүүгө, мектепте өзүн уставга баш ийип жүрүүсүнө көз салышыбыз керек. Ал үчүн анда-санда мектепке келип,сабактарына катышып, көз салып туралы.

Чечим: Ата-энелер комитетинин жетекчилеринин укуктары жана милдеттерин аткарууга милдеттендирилсин.

Мектеп директору Г.М.Оторбаева
Тарбия завуч. А.А.Карагулова
Соц.педагог А.А.Кармышева

Токтом №

Шабдан Ата ат.
орто мектеби 26.09.2019-ж.

Чогулушка катышкандар:

1. Соц.педагог: А.А.Кармышева
2. Тарбия завуч: М.Ч.Абышева
3. Класс жетекчилер-18

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. Семинар :Балдар арасында өзүн-өзү жанын кыюу (суицид) боюнча алдын алуу жүргүзүлүүчү иштер жөнүндө.

Жүрүшү: Бул маселе боюнча мектептин тарбия завучу А.А.Карагулова, соц.педагог А.А.Кармышева класс жетекчилерге ата-энелер менен балдар арасында өзүн-өзү жанын кыюу боюнча психологиялык деңгээлин жогорулатуу максатында жалпы ата-энелер менен иштөөнү жылдык планга киргизүү жөнүндө сунуш киргизилди. Ошондой эле тарбияга кыйындык менен келген оор балдардын жана үй-бүлөлөрдүн тизмесин тактоо (жекече аңгеме,анкета алуу менен) сунушталды. Жыл бою суицидди болтурбоо максатында класстарда класстык сааттардын өтүлүшү жана ата-энелердин чогулушун өткөрүү класс жетекчилерге милдеттендирилди.

Каникул учурунда тарбияга кыйындык менен келген балдардын үй-бүлөлөрүнө рейд жүргүзүү класс жетекчилерге,тарбия завуч жана соц.педагогго милдеттендирилди. Ай сайын тарбия завуч,соц.педагог өспүрүмдөр менен аңгемелешип,рейд жүргүзүп туруу.

Чечим: Класс жетекчилер балдар арасында өзүн-өзү жанын кыюу боюнча психологиялык деңгээлин жогорулатуу максатында жалпы ата-энелер менен иш жүргүзсүн.

Соц.педагог: А.А.Кармышева

Токтом № 3.

Шабдан Ата ат.
орто мектеби 29.10.2019-ж.

Чогулушка катышкандар:

1. Соц.педагог: А.А.Кармышева
2. Тарбия завуч: М.Ч.Абышева
3. Укук бузуу жана алдын алуу кеңешинин мүчөлөрү

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. Тарбияга кыйындык менен келген окуучуларды кружок-секцияларга тартуу жөнүндө.
2. Окуучулардын ата-энелери менен каникул учурунда кыздардын.юбалдардын бош убактыларында көз салуусу жөнүндө аңгемелешүү.

Жүрүшү: Мектептин директору: Г.М.Оторбаева- Тарбияга кыйындык менен келген окуучуларды кружок-секцияларга тартуу үчүн мектеп жакшы эле аракет жасап жатат. Бирок кээ бир ата-энелер балдарыңардын сабактан кийин кайда жүргөнүн билбейсиздер.Себеби,кээ бир балдар секцияга,кружокко кеттим деп коюп,көчөдө жүрүшөт. Ошон үчүн ата-энелер сиздер дагы мектепке көмөктөшүп, балдардын канча убакыт,кайда жүргөндүгүнө көзөмөл жүргүзүп койсоңуздар.

Жарыш сөз: Данияров М.- Ооба,ата-энелерге дагы бир кошумча,биз көп нерсеге көңүл бурбайбыз,себеби эртең менен сабакка кетти деп ыраазы болуп отура беребиз. Түштөн кийин кайда жүрөт,эмне кылып жүрөт,көп ата-эне көңүл бурбайбыз.

Чечим: Окуучулар(тарбияга кыйындык менен келген) көбүрөөк кружок-секцияларга тартылсын.

Экинчи суроо боюнча соц.педагог А.А.Кармышева- Балдардын каникул учурунда,бош убактыларында эмне иш кылышат деп суроо берди.

Жарыш сөз: Ата-энелер комитетинин мүчөсү-Досова Ж.- Ооба,эже айткандай балдар каникул учурунда,бош убактыларында эмне кылышат,ошого көбүрөөк көңүл буралы. Биз ата-энелер милдеттүүбүз,мектепте деле балдардын өзүң алып жүрүүсү,ата-эненин тарбиясынан да.

Чечим: Балдардын бош убактыларында,каникул учурунда,майрам күндөрү,кечинде көзөмөлгө ата-энелер тарабынан алынсын.

Соц.педагог: [подпись] А.А. Кармышева

# Токтом № 1

Шабдан Ата ат.
орто мектеби 18.09.2019-ж.

Чогулушка катышкандар:
1. Мектептин директору: Г.М.Оторбаева
2. Соц.педагог: А.А.Кармышева
3. Тарбия завуч: А.А.Карагулова
4. 5-11 кл.класс жетекчилери

## Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. Тарбияга кыйындык менен келген жана кароосуз калган окуучулардын тизмесин тактап,алдын алуу иш-чараларды жүргүзүү жөнүндө.
2. «ЖЖЭнин жаш инспекторлору», «Милициянын жаш достору» тобун түзүү.
3. «111» ишеним телефон чалуулар жана анын максаты тууралуу түшүндүрүү.

Жүрүшү: Биринчи маселе боюнча директордун тарбия иштери боюнча орун басары А.А.Карагулова – Урматтуу класс жетекчилер жана катышуучулар,чогулуштун максаты менен тааныштыра кетсем. Ар бир класс жетекчи тарбияга кыйындык менен келген,ата-энеси чет жакта иштеген окуучулардын тизмелерин тактап,соц.педагог А.А.Кармышевага жана мага өткөрүп бергиле. Тарбия журналдагы окуучулар,ата-энелер менен жекече иштөө баракчаларын толтуруп,окуучуга жана ата-энеге кол койдуруп тургула. Андан сырткары ата-энеси миграцияда жүргөн окуучулардын үйлөрүнө рейд уюштуруп,үй шарты менен таанышып,ар дайым көзөмөлдөп тургула. Азыркы учурда өзүңүздөр билгендей мигранттардын балдарына,алардын жашоо шартына өзгөчө көңүл бурулууда.

Жарыш сөз: Соц.педагог: А.А.Кармышева – Урматтуу класс жетекчилер,ооба туура айтылды. Сиздерге чоң өтүнүч ар бир окуучунун соц.картасын түзүүдө үй-шарты менен таанышып,окуучулар менен,ата-энелер менен байма-бай пикир алышып тургула. Көйгөйлөрдү өз убагында чечүүгө биз дагы жардам беребиз. Тартиби начар же кароосуз калган окуучуларды сөзсүз түрдө мектеп ичиндеги иш-чараларга,кружокторго тартууга аракет кылгыла. Предметтик мугалимдер да ушуну эске алып койсоңуздар.

Чечим: Тарбияга кыйындык менен келген жана кароосуз калган окуучулар, мигранттардын балдары менен жекече иштөө.

2-чи маселе боюнча А.А.Карагулова –Мектеп окуучуларынын тартибин көзөмөлдөө максатында «Милициянын жаш досторун» түзүү керек. Бул топ мурда эле бар болчу. Класс жетекчилер тартиби ,окуусу жакшы окуучулардан сунуштап,аты-жөнүн жазып бериңиздер. Сабакка келбеген,тартиби начар окуучуларды көзөмөлдөөгө ушул окуучулар сиздерге чоң жардам берет.

Чечим: «Милициянын жаш достору» тобу түзүлүп,класс жетекчилер ушул топ менен иш алып барышсын.

3-Маселе боюнча класс жетекчилерге «111» телефон чалуулар боюнча кеңири маалымат берилди.

Чечим: «111» ишеним телефон чалуулар боюнча окуучуларга класс жетекчилер жеткирсин.

Соц.педагог: А.А. Кармышева

**Токтом №**

Шабдан Ата ат.
орто мектеби 17.10.2019-ж.

Чогулушка катышкандар:

1. Соц.педагог: А.А.Кармышева
2. Тарбия завуч: А.А.Карагулова
3. 5-11 класстын окуучулары

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. Семинар (онлайн) «Ээнбаштуулук жана кылмыштуулук болбосун»

2Ата-энелерге кайрылуу жөнүндө.

Жүрүшү: Мектептин соц.педагогу- А.А.Кармышева –Балдар азыркы учурда ээнбаштуулук жана кылмыштуулук боюнча көптөгөн окуялар болуп жатат. Силерге кайрыларыбыз кечки убакта көчөгө көп чыкпай,ар кандай иштерге барбагыла. Ата-энеңердин тилин алып, үйдө сабакка активдүү катышкыла .

Жарыш сөз: Мектептин тарбия завучу- М.Ч.Абышева- Балдар Айдай эже туура айтат,өзгөчө ушул мезгилде силер бизге жардам берип,сабакка эле активдүү катышып, ар кандай жаман иштерге барбай турсаңар эле болду.

Чечим: «Ээнбаштуулук жана кылмыштуулук болбосун» деген темада өтүлгөн семинар канааттандырарлык деп кабыл алынсын.

Экинчи маселе боюнча мектептин тарбия завучу-М.Ч.Абышева – Ата-энелерге кайрылуу сиздер дагы активдүү болуп,балдарды сабакка өз убагында катыштырып, каникул учурунда көчөгө себепсиз чыгарбоого аракет кылсаңыздар,бизге да жеңил болот эле.

Жарыш сөз: Ата-энелерден- Аманова Г.- 5-б классынын окуучусунун апасы- Макул ,сиздердин айтканыңыздарга кошулам, сабактан калтырбоого аракет кылабыз, ар бир ата-эне жоопкерчиликти өз мойнуна алса эле каникул учурунда көз салса болот да.

Чечим: Каникул учурунда балдардын коопсуздугун ата-эне мойнуна алсын.

Соц.педагог: [signature] Кармышева А.А.

Токтом № 2

Шабдан Ата атындагы
орто мектеби 14.09.20- ж.

Чогулушка катышуучулар:

1.Мектептин директору: А.А.Карагулова
2. Соц.педагог: А.А. Кармышева
3. Тарбия иштери боюнча директордун орун басары: М.Ч.Абышева
4. Класс жетекчилер
5. Ата-энелер

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. Тема: "Үй-бүлө жана коомчулук" жөнүндө
2. Балдардын коопсуздугун, балдарга болгон камкордук жөнүндө.
3. "111" ишеним телофон чалуунун максаты тууралуу түшүндүрмө берүү тууралуу

1. Чогулушту Шабдан Ата атындагы орто мектебинин директору ачып,төмөнкүдөй сөз сүйлөдү.

Угулду:

Урматтуу бүгүнкү чогулушка катышуучулар, биринчиден чогулуштун максаты менен тааныштыра кетсем. Биз бүгүн "Үй-бүлө жана коомчулук" жөнүндө сүйлөшсөк. Себеби ,улам барган сайын балдардын коопсуздугуна ата-энелер аз көңүл буруудабыз. Класс жетекчилер , сиздер тарбия журналындагы окуучулар, ата-энелер менен жекече иштөө баракчаларын толтуруп, окуучуга жана ата-энеге кол койдуруп тургула. Андан тышкары ата-энеси чет өлкөдө жүргөн окуучулардын үйлөрүнө рейд уюштуруп, үй шарты менен таанышып ар дайым көзөмөлдөп тургула. Себеби, өзүңүздөр билгендей азыркы учурда ар бир окуучуга көңүл бөлүп иштөө талабы коюлууда.

Жарыш сөзгө соц. педагог Кармышева А.А. сүйлөдү:
Урматтуу класс жетекчилер, сиздерге чоң өтүнүч ар бир окуучунун үй шарты менен таанышып, окуучулар менен байма-бай пикир алышып тургула. Көйгөйлөрдү өз убагында чечүүгө биз дагы жардам беребиз. Тартиби начар же кароосуз калган окуучуларды сөзсүз түрдө мектеп ичиндеги иш-чараларга, кружокторго тартуу керек. Предметник мугалимдер да ушуну эсиңиздерге алып койсоңуздар!

Чечим : Үй-бүлөдө зордук-зомбулук болбош үчүн балдарга көзөмөл жүргүзүп туруу, балдардын коопсуздугун ата-энелер,соц.педагог жана класс жетекчилер көзөмөлдөсүн.

2. М.Ч.Абышева :2-маселе боюнча балдардын коопсуздугун жана балдарга болгон камкордук жөнүндө сөз болмокчу . Урматтуу ата-энелер азыр балдардын коопсуздугу жөнүндө бүт жакта айтылып жаткандыгын угуп жатасыздар. Биз дагы балдарыбыздын коопсуздугуна , балдарга болгон мамилебизди контролдоп жүрсөк.Эң биринчи балдар менен жакшы мамиледе болуу.

Жарыш сөзгө ата-энелерден Кадыралиева Фатиза: Ооба,туура айтасыздар,биз ата-энелер мугалимдер менен чогуу бирдикте иштесек,баары

жакшы болот. Өз балдарыбыздын тагдырын биз ойлобосок ким ойлойт. Ансыз деле мугалимдер кыдырып,айтып жатышат. Биз дагы көмөктөшөлү.

Ата-энелер комитетинин төрайымы Мустапаева Ж.: Урматтуу мугалимдер , биринчиден сиздерге рахмат айткым келет. Биздин балдарга ушундай камкордук көрүп,тарбиялап жатасыздар. Туура биз көп нерсеге маани бербейбиз. Сиздер канча баланын түйшүгүн мойнуңуздарга алып иштеп жатасыздар. Биз сиздерге жардам берүүгө дайым даярбыз. Балдарыбызга көбүрөөк көңүл буралы,ата-энелер.

Чечим: Балдардын коопсуздугун сактоо ар бир ата-эне өз мойнуна алсын..

3. 3-маселе боюнча класс жетекчилерге маалымат берилди. “111” телефон чалуулар боюнча кеңири маалымат алышты. Ишеним телефонун туура кабыл алуу керектиги айтылды.

Чечим: “ 111” ишеним телефонуна чалуулар боюнча дайыма маалымат берип,көзөмөлдөп туруу жагы соц.педагог,тарбия завуч жана класс жетекчилер көзөмөлдөсүн.

Соц.педагог: Кармышева А.А.

**Токтом №3**

Шабдан Ата ат.орто мектебинин профилактика кеңешинин чогулушу

15.09.2020-ж.

Чогулушка катышкандар:

1. Мектептин директору: А.А.Карагулова
2. Соц.педагог: А.А.Кармышева
3. Тарбия завуч: М.Ч.Абышева
4. Профилактикалык кеңештин мүчөлөрү: 10

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. Алдын алуу кеңешинин планын түзүп,бекитүү (онлайн)жөнүндө
2. Укукту жана кылмыштуулукту алдын алуу ишин жандандыруу тууралуу
3. Ар кандай маселелер.

Кеңешменин жүрүшү:

Биринчи суроо боюнча мектептин директору А.А.Карагулова сөз сүйлөдү Угулду: Урматтуу алдын алуу кеңешинин мүчөлөрү, бүгүн бизде окуу онлайн режимде өтүлүп жаткандыктан эң негизги маселе бул алдын алуу кеңешинин планын тузүү,жана аны менен иш алып баруу. Мектептин соц.педагогу А.А.Кармышева планды түздү,сиздерге телефон аркылуу жиберет, алым-кошумчаңарды айтсаңыздар.

Соц.педагог- А.А.Кармышева бир жылдык планды окуп берди.

Жарыш сөз: Кадыралиева Ф.-Шабдан айылдык ГСВ кызматкери- Туура ,бардык темалар камтылган деп ойлойм, алдын алуу иштери боюнча жүргүзүлө турган иш-чаралар жакшы,бирок онлайн болгону жаман болду го. Эми ата-энелер өздөрүбүз карайбыз да.

Чечим: Алдын алуу кеңешинин бир жылдык планы туура деп бекитилсин.

Экинчи суроо боюнча мектептин соц.педагогу А.А.Кармышева сөз сүйлөдү. Балдардын укугун коргоо жана кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча айта кетсек, урматтуу кеңештин мүчөлөрү, бардыгыбызда балдар бар, мүнөздөрү ар башка ,ошон үчүн ар бир балага аяр мамиле жасаганды үйрөнсөк. Кылмыштуулук кайдан келип чыгат, бала менен ата-эненин ортосундагы сыйдын кетишинен жана түшүнбөстүктөн. Ошондуктан балдарга үйдө туура мамиле кылсак.

Жарыш сөз: Сулайманов Н.Ж. – Ооба, туура анан дагы азыркы балдар таарынчаак,телефон менен көп убактылары кетет, ата-энени көп укпай турган заман болдубу?. Аракет кылып,ар бир балага түшүндүрүп,туура тарбия берели. Алдын алуу кеңешинен 3- комиссия түзүлбөдүбү, ошол комиссиянын мүчөлөрү жакшылап иштейли.

Чечим: Алдын алуу кеңешинин комиссияларынын ишин жандандыруу.

Соц. педагог: [signature] А. А. Кармышева

1

**Протокол № 1** **08.02.2021-ж**

**Кемин району**

**Шабдан Ата атындагы орто мектеби**

**Катышкандар:**Мектеп администрациясы-4

Ата –энелер комитетинин төрайымдары (төрагалары)-21

Кл.жетекчилер-21

1. **"Зордук-зомбулуксуз үй-бүлө"**

**Кеңешменин жүрүшү:**

Кеңешмени мектеп директору А.А.Карагулова ачты.

Каралуучу 1-маселе боюнча соц.педагог А.А.Кармышева билдирүү жасады.

Урматтуу ата-энелер,мугалимдер!Бүгүнкү жыйналышыбыздын каралуучу маселеси "Зордук-зомбулуксуз үй-бүлө",былтыр ушул теманын негизинде түшүндүрүү иштерин жүргүзүү үчүн жыйын өткөргөнбүз.Быйыл да атайын сиздерге дагы да түшүндүрүү иштерин жүргүзүү үчүн ата-энелер комитетинин төрайым(төр-агаларын чогултуп жыйын өткөрүп жатабыз.

Анда эмесе "Зордук-зомбулуксуз үй-бүлө"видео-слайд аркылуу кенен маалымат берип өтөлү.

(Слайддан зордук-зомбулук боюнча жана алардын келип чыгуу себептери боюнча кенен маалымат берилип өттү...)

**Жарыш сөз:Ата-энелер тарабынан 5-б классынын ата-энелер комитетинин төрайымы Жылкычиева.М** "Зордук-зомбулуктун кесепеттери"деген темага кеңири сөз айтып өттү.Бардык ата-энелер зордук-зомбулуктун болбоосуна аракет кылууларын айтышты.

**8-а классынын комитетинин төрайымы Мустапаева.Ж** баардык ата-энелерге кайрылып,балдардын коопсуздугун камсыз кылуу биздин милдетибиз жана өз милдетибизди билип,аткарышыбыз керек деп айтты.

Чогулуштун аягында мектептин директору А.А.Карагулова ата-энелерге мобилдик телефон боюнча кайрылды.Ушул күндөн баштап мектепке телефон алып келген окуучунун телефону мектеп бюджетине өтөт, сиздер ушуну колдоп бериңиздер.

Ата-энелер бир ооздон кабыл болушту.

**Токтом кылынды:**

1.Балдардын коопсуздугун сактоо үчүн ата-энелер милдеттендирилсин.

2.Окуучу телефон алып келе турган болсо мектеп бюджетине тапшырылсын.

**Соц.педагог:_______А.А.Кармышева**

**Тарбия иштери боюнча директордун орун басары:_____М.Ч.Абышова**

**Катчы:_______Г.Б.Сулайманова**

**Протокол № 3** **11.02.2021-ж**

**Кемин району Шабдан Ата атындагы орто мектеби**

**Катышкандар:**Мектеп администрациясы-2

“Кыздар кеңешинин жетекчиси-Г.И.Окишова

Кл.жетекчилер-7

**1.“Зордук-зомбулуксуз үй-бүлө”**

**2. “Эрте турмуш куруунун кесепеттери”**

**Кеңешменин жүрүшү:**

**11-февралда 8-11-класстардын кыздарынын арасында “Зордук-зомбулуксуз үй-бүлө”, “Эрте турмуш куруунун кесепеттери”**деген темаларда кыздар менен аңгемелешүү болду.Мында 10-б классынын кыздары ушул темаларга тартыл-ган дубал газеталарын түшүндүрүп,талкуулап беришти.Кыздарга зордук-зомбулук,эрте турмуш куруу боюнча суроолорду бери-шип,жооп алып жатышты.Кыздар кеңешинин жетекчиси Г.И.Окишова “Эрте турмуш куруунун”кандай кесепеттери боло тургандыгы жөнүндө айтып өттү.

**Жарыш сөз:**Мектептин тарбия завучу М.Ч.Абышова “Кимдин үй-бүлөсүндө кандай зордук-зомбулуктар боло турган бол-со,мектептин ишеним кутучасына жазып тургула,”- деп жалпы кыздарга кайрылды.Негизи эле мектеп ичинде кыздар-кыздарга,балдар кыздарга зомбулук көрсөткөн учурлар болобу?,жашырбай айтып тургула.

**Токтом:**

1.Кыздар арасында келишпестиктер боло турган учурларда Кыздар кенешинин жетекчисинин -тарбия завучка жана соц.педагогко кай-рылуусу милдеттендирилсин.

2.Кыздар арасында келишпестиктер болбошу үчүн кл.жетекчилер милдетин алсын.

**Соц.педагог:_______А.А.Кармышева**

**Тарбия иштери боюнча директордун орун басары:____М.Ч.Абышова**

**Катчы:_______Г.Б.Сулайманова**

**Протокол № 4** **12.02.2021-ж**

**Кемин району Шабдан Ата атындагы орто мектеби**

**Катышкандар:**Мектеп администрациясы-3

10-б классынын окуучулары.

Мугалимдер-8

**1.Тегерек стол “Балдарга карата зомбулукту токтотуу”**

**Кеңешменин жүрүшү:**

12-февралда 10-б классынын окуучулары менен Г.Б.Сулайманова “Балдарга карата зомбулукту токтотуу”деген темада тегерек стол өттү.Тегерек столдун максаты “Балдар арасында зомбулук болбосун” деген ураанга чакыруу.Мында 10-б классынын окуучулары тартылган дубал газетеларын жактап,ушул темага сценка коюп беришип,активдүү катышышты.Балдар зордук-зомбулуктун болбошу үчүн биз өзүбүз ынтымактуу болушубуз керек.Ошондой эле кичүү балдарга үлгү болуп,аларды сыйлашыбыз керек.

Сулайманова Г.Б балдар келечекте жакшы инсан болуш үчүн окууда да,көчөдө да,үйдө да тартипти сактасак эч кандай зордук-зомбулук болбойт деп айтсак болот.

**Токтом:**

1.Балдар арасында зордук-зомбулуктун болушун токтотуу ар бир балага милдеттендирилсин.

**Соц.педагог:_______А.А.Кармышева**

**Тарбия иштери боюнча директордун орун басары:____М.Ч.Абышова**

**Катчы:________Г.Б.Сулайманова**